“КАРАЛДЫ”
М.М. Адышев атындагы ОшТУнун
окумуштуу кеңешинде
№6.1920 жыйын баяны
26-июнь, 2020-жыл

«БЕКИТЕМИН»
М.М. Адышев атындагы ОшТУнун ректору
т.и.д. профессор Абидов А.О.

**2020-жылдагы өзгөчө кырдаал шарттарында жогорку (бакалавр, магистратура) жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окуу процессин уюштуруу, окутуунун бардык формаларындагы студенттер, бүтүрүүчүлөр үчүн жайкы экзамендик сессияны, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны аралыктан өткөрүүирээти тууралуу**

# УБАКТЫЛУУ ЖОБО

Бул жобо КР жогорку, орто кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобосуна, КР ББжИ министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №363 жана №364 буйруктарына ылайык иштелип чыкты.

Убактылуу жобо КР киргизилген өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаал шарттарында ОшТУнун студенттери үчүн жайкы экзамендик сессияны тапшыруунун жана колледждин, бакалавриаттын, магистратуранын бүтүрүүчүлөрү үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү үчүн иштелип чыккан убактылуу документ болуп саналат.

## I. Негизги милдеттер

I.1. Бул убактылуу жобо өзгөчө кырдаал шарттарында жогорку (бакалавр, магистратура) жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окуу процессин уюштуруу боюнча структуралык бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн жетекчиликке алат, ОшТУнун студенттери үчүн жайкы экзамендик сессияны тапшыруусун жана колледждин, бакалавриаттын, магистратуранын бүтүрүүчүлөрү үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүнүн шарттарын, эрежелерин, мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ишин регламенттештирет, жайкы экзамендик сессияны өткөрүүнүн техникалык, технологиялык жана программалык жабдуу боюнча талаптарын аныктайт.

## II. Нормативдик негиздери

II.1. Бул документ КР жогорку, орто кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобосуна, КР ББжИ министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №363 жана №364 буйруктарына жана ОшТУнун ченемдик документтерине ылайык иштелип чыкты.

II.2. Убактылуу жобо КР киргизилген өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаал шарттарында ОшТУнун студенттери үчүн жайкы экзамендик сессияны тапшыруунун жана колледждин, бакалавриаттын, магистратуранын бүтүрүүчүлөрү үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү үчүн иштелип чыккан убактылуу документ болуп саналат.

## III. Жалпы жоболор

III.1. Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу карантин режими жана өзгөчө абал/кырдаал режими киргизилгенден тартып окуу жылынын экинчи жарымы үчүн пландалган окуу жүктөмдөрүн аткаруу окуу жайдын структуралык түзүмдөрүндө окутуунун

бардык формалары үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде жүргүзүлөт.

III.2. Жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну аяктап жаткан бүтүрүүчүлөр үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация милдеттүү болуп эсептелет.

III.3. Бүтүрүүчүлөрдүн алыстан режиминде өткөрүлүүчү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы төмөнкүдөй сыноолордон турат:

- Кыргызстан тарыхы боюнча жыйынтыктоочу экзамен (Орто кесиптик билим берүү программалары боюнча милдеттүү тапшырылат, ал эми жогорку билим берүү программалары боюнча тикеленген, же жүйөлүү себептерге байланыштуу тапшыра элек студенттер үчүн уюштурулат);
- адистик боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамен;
- бүтүрүүчү квалификациялык ишин же магистрдик диссертациясын жактоо.

Адистик боюнча жыйынтыктоочу сабактар аралык экзаменге жана бүтүрүүчү квалификациялык ишин же магистрдик диссертациясын жактоого жогорку же орто кесиптик билим берүүчү бир негизги программа боюнча толук окуу курсун аяктаган жана окуу планында каралган аттестациялык сынактардан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчү студенттер киргизилет.

III.4. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар (мындан ары - МАК) өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдарына, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына, ушул убактылуу жобого таянышат.

## IV. Аралыктан окутуу жана жайкы сессияны уюштуруу тартиби

IV.1. Окуу жайдагы жазгы семестрде аткаруу пландалган окуу жүктөмдөрү окутуунун бардык формаларында аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде аткарылат. Алардын аткарылышы кафедра башчы жана деканат(дирекция) тарабынан көзөмөлдөнөт. Өтүлгөн сабактардын электрондук топтомдору кафедрада сакталат. Окуу жылынын жыйынтыгында кафедра башчылары аткарылган иштердин электрондук топтомдорунун негизинде отчетторун тапшырышат.

IV.2. Сабактарды өтүү жана каттоого алуу окуу жылынын экинчи жарым жылдыгы үчүн бекитилген сабактардын жадыбалы боюнча жүрөт. AVN MC жана башка колдонулган платформалар аркылуу видеосабактар жана лекциялык жана практикалык, лабораториялык сабактар, алардын фрагменттери берилип, студенттер менен кайтарым байланыштар жасалат. Сабактар онлайн жана офлайн формаларында өтүлөт. Аралыктан өткөрүлгөн сабактарда сабактын структурасы жана ага коюлган талаптар сакталууга тийиш. Сабактын офлайн формасы үчүн даярдалган видеосабактардын узактыгы 30 мүнөткө чейин болуп, тема боюнча негизги материалдарды жана бышыктоолорду камтыйт. Мындай учурда өтүлүп жаткан тема боюнча видеосабактан сырткары студенттердин аткаруусу үчүн кошумча көнүгүүлөр, тапшырмалар берилет.

IV.3. Өтүлгөн сабактар боюнча маалыматтарды тайпалык журналдарга киргизүү, толтуруу карантин режими жана өзгөчө абал/кырдаал режими аяктагандан кийин сабактардын жадыбалы ылайык жүргүлөт.

IV.4. Студенттердин жайкы семестрге пландалган практикаларын өзгөчө кырдаалга байланыштуу уюштурууга мүмкүн болбогон учурда аларды өткөрүүнүн мөөнөтү кийинки окуу жылына жылдырылат.

IV.5. Окутуунун бардык формаларындагы студенттер үчүн жайкы экзамендик сессиясы 2019-2020-окуу жылы үчүн бекитилген академиялык календарга ылайык аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде өткөрүлөт.

Студенттердин жетишүүсүн баалоо ушул жобого ылайык модулдук–рейтингдик баалоо системасы аркылуу биринчи жана экинчи рейтингдин жыйынтыгы менен жыйынтыкталат.

Контракттык негизде билим алган студенттерге мыйзамдарда жана ОшТУнун жеңилдиктерди берүү жобосуна ылайык азыркы өзгөчө кырдаалды эске алып, студенттерге социалдык колдоо көрсөтүү үчүн - бөлүп төлөө, төлөмдөрдүн мөөнөтүн жылдыруу, окуу үчүн акы төлөө боюнча жекече жеңилдиктерди берүү структуралык түзүмдөрдүн жетекчилер тарабынан каралат.

IV.6. Модулдук –рейтингдин жыйынтыктары боюнча экзамендик бааларды ала албагандар, экзамендик бааларын жакшыртууну каалаган студенттер үчүн экзамендердин жадыбалы боюнча AVN MC аркылуу тестирлөө өткөрүлөт.

IV.7. Академиялык жана финансалык карыздары жок студенттерге экзамендик сессиянын жыйынтыктоочу бааларын алууга уруксат берилет.

IV.8. Окутуучулар тарабынан кредиттин өлчөмүнө ылайык экзамендик сессия башталаарга 15 күн калганга чейин AVN MC тесттик тапшырмалар (кеминде 1кредит*50 тесттик тапшырмадан түзүлүшү керек ) жүктөлөт.

IV.9. Экзамендердин жадыбалы экзамендик сессия башталаарга 1 ай калганга чейин түзүлүп, окутуучуларга жана студенттерге ОшТУнун сайты (oshtu.kg) аркылуу маалымдалат.

IV.10. Курстук жумуштарды (долбоорлорду), окуу- таанышуу, өндүрүштүк, бүтүрүүчү квалификациялык практикаларды коргоо видеоконференция өткөрүү үчүн колдонулган платформалар аркылуу (мисалы: Zoom, StreamYard, Click Meeting, My Own Conference ж.б.у.с.) жүргүзүлөт жана алардын видеоматериалдары электрондук эске сакталат.

IV.11. Кыргыз тили жана адабият, Кыргызстан географиясы жана Кыргызстан тарыхы дисциплиналары боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо 2020-2021 -окуу жылдын күзгү семестринде өткөрүлөт.

IV.12. Студенттердин логин жана пароддорун маалымдоо бүтүрүүчү кафедралардын башчылары тарабынан камсыздалат.

IV.13. Экзамендик сессиянын жүрүшүндө студенттердин электрондук зачеттук китепчелери, тайпалардын электрондук баллдык журналдары көзөмөлдөнөт. Карантин режими жана өзгөчө абал/кырдаал режимине байланыштуу бүтүрүүчүнүн зачеттук китепчелерин толтуруу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, алардын өздүк электрондук карточкаларынан чыгарылган транскрип тийешелүү эреже менен ырастоодон өткөрүлүп, өздүк делосуна тиркелет.

## V. Мамлекеттик аттестациялык сыноо өткөрүүнүн тартиби

V.1. Мамлекеттик аттестациялык сыноолордун формасы жана өткөрүү шарттары, мамлекеттик экзамендер программасы, белгиленген тартипте бекитилген консультацияларды, жалпыланган лекцияларды жана мамлекеттик экзаменди өткөрүүнүн мөөнөттөрү бүтүрүүчүлөргө биринчи мамлекеттик аттестациялык сыноого чейин бир ай мурда маалымдалат.

V.2. Мамлекеттик экзамендер аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан режиминде - компьютердик тестирлөө жана аралыктан видеоконференциялар аркылуу өткөрүлөт.

V.3. Видеоконференция режими бүтүрүүчүлөрдүн жана мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн бири-бирин көрүү жана угуу мүмкүнчүлүтөрүнө ээ болуусун шарттайт. Бул режимде адистик боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамендер өткөрүлөт. Видеоконференцбайланыш системасы аркылуу алынып жаткан экзамендин жүрүшүн жазып алуу милдеттүү болуп саналат. Интернет-каналдын өткөрүү мүмкүнчүлүгү жетиштүү болгон учурда жана колдонуудагы байланыш системасында тиешелүү техникалык мүмкүнчүлүктөр болгон учурда трансляцияланып жаткан колдонуучулардын санын көбөйтүүгө мүмкүн болот. Адистик боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамен тийиштүү түрдө бекитилген экзамендик билеттердин формасында төмөнкү тартипте алынат:

Тийиштүү түрдө бекитилген экзамендик билеттерди берүү формасындагы мамлекеттик экзаменди төмөнкү тартипте өткөрүү сунушталат:

экзамен башталганга чейин МАКтын катчысы тарабынан студенттерди идентификациялоо жүргүзүлөт (студенттин паспорту аркылуу);

- билеттерди таратуу алыстан режиминде жүргүзүлөт: студент сандарды кокустан тандоо (random) программасы аркылуу билеттин номерин алат, ал экранга чыгат жана экрандын скриншоту жасалат. Катчы камераны каратып, тандалган номери менен билетти көрсөтөт жана протокол үчүн сүрөтүн сактап коет;

- берилген убакыт ичинде студент жооп берүүгө даярданат, ошол эле учурда видеоконференция байланышын өчүрбөстөн, анын даярдануусуна көзөмөл жүргүзүлөт;

- жооп берүүгө даярдыгына жараша студенттерге кезек боюнча сөз берилет;

- студенттер даярдалган жазуу түрүндөгү жоопторду сүрөткө тартышат же жоопторду жеке компьютерде тексттик редакторго терип жазат, pdf файлга конвертациялайт жана МАКтын катчысы тарабынан көрсөтүлгөн электрондук почтага же WhatsApp номерге жиберишет;

- бардык алынган жооптор басылып чыгарылат жана МАКтын катчысы жана отурумунун төрагасы тарабынан кол коюлат;

- студенттерге бааларды жарыялоо МАКтын мүчөлөрүнүн жабык отурумунун жыйынтыгы боюнча МАКтын төрагасы тарабынан ишке ашырылат, мында конференциянын уюштуруучусу студенттерди алдын ала макулдашылган убакта кошот;

- экзамен өткөрүлгөндөн кийин жыйынтыкталган ведомость басып чыгарылат жана МАКтын мүчөлөрүнүн кол коюусун МАКтын катчысы камсыздайт.

V.4. Кыргызстан тарыхы боюнча Мамлекеттик экзамен аралыктан компьютердик тестирлөө формасында өткөрүлгөндө окуу жайдын AVN маалыматтык системасы (http://portal.oshtu.kg/webtest) аркылуу алынат. Тестирлөө процесси, анын жыйынтыктарын чыгаруу, баалоо процедуралары, тестирлөөнүн жыйынтыктарын документтештирүү жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке маалыматтарын сактоо толук автоматташтырылат. Кыргызстан тарыхы боюнча мамлекеттик экзамен компьютердик тестирлөө формасында өткөрүлөт жана төмөнкү тартипте жүргүзүлөт:

- тестирлөөнү өткөрүү үчүн суроолор белгиленген тартипте бекитилип, AVN маалыматтык системасынын базасына киргизилет;
- бүтүрүүчүлөр тестирлөөдөн өтүү үчүн алдын ала белгиленген мөөнөттө каттоодон өтүшөт;
- тестирлөөдө бүтүрүүчү үчүн берилүүчү суроолордун саны, тестирлөөнүн убактысынын узактыгы тесттин программасы менен белгиленет жана бекитилет;
- тестирлөө өткөрүлгөндөн кийин аныкталган ведомосттор басып чыгарылат жана МАК мүчөлөрү кол коюшат.

V.5. Мамлекеттик экзамендин датасына эки күндөн кем эмес убакыт калганда техникалык каражаттардын жарамдуулугун (интернеттин ылдамдыгы, микрофондун, камеранын жана үндүн иштешин) текшерүү максатында, ошондой эле бүтүрүүчүлөргө жана МАК мүчөлөрүнө мамлекеттик экзаменди өткөрүүнүн форматын түшүндүрүү максатында сынамык байланышууну жүргүзүү зарыл.

V.6. МАКтын катчылыгы жана бүтүрүүчү кафедралардын башчылары тарабынан бүтүрүүчүлөр жана МАКтын мүчөлөрү үчүн даярдык иштеринин, мамлекеттик экзамендин, бүтүрүүчү квалификациялык иштин (БКИ) же магистрдик диссертацияны (МД) жактоонун этаптарын жана механизмдерин көрсөтүү менен нускама (МАКга 1 ай калганга чейин) иштелип чыгат. Нускама ОПУжББС департаментинин директору тарабынан бекитилет. Нускамада зарыл болгон шилтемелер жана жеткиликтүүлүктүн параметрлерин, конкреттүү багытка жараша БКИнин (МД) алкагында иштелип чыгуучу объекттерди жана буюмдарды демонстрациялоо ыкмаларын жана каражаттарын көрсөтүү менен бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү технологиясы толук баяндалат. МАКтын отурумдарын жана бүтүрүүчүлөрдүн чыгып сүйлөөлөрүн уюштуруу үчүн зарыл болгон БКИге (МД) байланыштуу материалдарды МАКтын катчысына берүүнүн мөөнөттөрү

жана тартиби көрсөтүлөт. Нускамада видеоконференцияга катышуу үчүн жетиштүү каражаттарга жана интернеттин ылдамдыгына ээ болбогон бүтүрүүчүлөр менен байланышуунун альтернативдик ыкмасы да көрсөтүлөт.

V.7. МАКтын мүчөлөрү жана бүтүрүүчүлөрдү инсанды идентификациялоо жана МАКтын мүчөлөрүнүн кворумун аныктоо үчүн мамлекеттик экзамен башталганга чейин 30 мүнөт мурда аталган видеоконференция системасына кошууларды (катталууну) жүргүзүшөт.

V.8. Бүтүрүүчүлөрдү идентификациялоо МАКтын катчысы тарабынан жүргүзүлөт.

V.9. Мамлекеттик аттестациялоонун башталышынын алдында бүтүрүүчү паспортун, студенттик билетти жана зачеттук китепчесин көрсөтөт.

## VI. Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди же магистрдик диссертацияларды жактоо боюнча даярдык көрүү жана өткөрүү тартиби

VI.1. БКИни (МД) же аралыктан даярдоо тартиби белгиленген эрежелерди сактоо менен бекитилет жана бүтүрүүчүлөргө тийиштүү маалымат берилет.

VI.2. Кафедралардын башчылары жана БКИнин (МД) жетекчилери бүтүрүүчүлөр менен туруктуу байланышты камсыздашы керек жана студентти БКИни (МД) аралыктан аткарууга адаптациялашы зарыл.

VI.3. Кафедралардын башчылары жана БКИнын (МД) жетекчилери бүтүрүүчүлөргө БКИни (МД) аткаруу графиги тууралуу маалымат берет. БКИни (МД) жактоо процедурасына киришүү үчүн студенттер 100% даярдыкка ээ болуусу зарыл, студент аныкталган тартипте алдын ала жактоо процедурасынан өтөт. Алдын ала жактоонун жыйынтыгы боюнча кафедранын отурумунда студенттерди жактоого киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынат. Алдын ала жактоо БКИ коргоого чейин 1 жума мурда өткөрүлөт. Жактоого уруксат берилген бүтүрүүчүлөр тарабынан БКИ (МД) катуу вариантка өткөрүлүп, мукабаланып МАКтын катчысына тапшырылат. Кол тамгалар менен тастыкталган ой – пикир, сын – пикир МАКтын катчысына тапшырылат.

VI.4. Жактоо процедурасы башталганга чейин, он күндөн кечиктирбестен бүтүрүүчүлөр тиешелүү кафедранын башчысына жана МАКтын катчысына БКИ менен байланышкан бардык материалдарды электрондук вариантта жиберишет. БКИ (МД) антиплагиаттан өткөрүлөт.

Жактоого уруксат берилген БКИ (МД) электрондук варианттары жана антиплагиаттан өткөрүлгөндүгү тууралуу справка МАКтын катчысы тарабынан топтолуп, кафедрада сакталат.

VI.5. Кафедралардын башчылары жана БКИнин (МД) жетекчилери студенттерге БКИни (МД) жактоону өткөрүү үчүн МАКтын отурумунун графиги жөнүндө маалымат беришет.

VI.6. БКИни (МД) жактоо онлайн режиминде МАКтын курамынын үчтөн эки бөлүгүнүн катышуусу менен ачык отурумунда өткөрүлөт. БКИни жактоо боюнча МАКтын отуруму онлайн режимде өткөрүлөт, бул учурда комиссиянын мүчөлөрү ар кандай жайгашкан жеринен видеконференция байланыш системасына кошула алат. МАКтын отурумунун узактыгы 6 сааттан ашпоосу зарыл.

VI.7. Жактоонун алдында бүтүрүүчүлөрдүн МАКтын мүчөлөрүнүн алдында чыгып сүйлөөнүн кезегинин тизмеси түзүлөт.

VI.8. МАКтын мүчөлөрү жана бүтүрүүчүлөр көрсөтүлгөн видеоконференция системасына кошулууну жактоо процедурасынын башталышына чейин 30 мүнөт мурда ишке ашырышат.

VI.9. Кезектүүлүктүн тизмесине ылайык жана идентификациялоо процедурасынан кийин бүтүрүүчү студентке МАКтын мүчөлөрүнүн алдында чыгып сүйлөө үчүн убакыт берилет. Чыгып сүйлөөнүн убактысы МАК тарабынан аныкталат. Чыгып сүйлөгөндөн кийин бүтүрүүчүгө суроолор берилет. Анын жоопторунан кийин видеоконференциянын

уюштуруучусу кийинки чыгып сүйлөөчү бүтүрүүчүнү кошот. МАКтын мүчөлөрү коллегиалдык негизде купуя кеңешишет жана бааларды коюшат. Андан кийин уюштуруучу бүтүрүүчүлөрдү видеобайланышка кайра кошот жана МАКтын төрагасы тарабынан баалар жарыяланат.

## VII. Жыйынтыктоочу корутундулар

VII.1. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын бардык чечимдери протоколдор менен таризделет.

VII.2. Дистанциялык технологияларды колдонуу учурунда мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү процесси видеого жаздырылат. МАКтын отурумунун видео жазуулары компакт диске жаздырылат жана отурумдардын протоколдору менен бирге сакталат.

VII.3. Карантин режими жана өзгөчө абал/кырдаал режими аяктагандан кийин МАКтын катчысы МАКтын отурумдарынын протоколдорун жана студенттердин зачеттук китепчелерин тийиштүү түрдө толтурат, аларга МАКтын мүчөлөрү кол коюшат.

VII.4. Тийиштүү кафедралардын башчылары аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жалпы уюштурулушуна түздөн-түз жоопкерчиликти алат.

VII.5. Эгерде МАКтын отурумунда форс-мажордук жагдайлардан улам байланыш үзгүлтүккө учураса, отурумдун төрагасы аттестациялык сыноодон кайрадан өтүү үчүн кошумча убакытты белгилейт.

VII.6. Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордон жүйөлүү себептер (документ менен тастыкталаган медициналык көрсөтмөлөр, үй-бүлөлүк жагдайлар боюнча), карантин режими жана өзгөчө абал/кырдаал режимине байланыштуу окуу үчүн келишимдик акыны төлөө, академиялык карыздарын жоюу мүмкүнчүлүгүнөн ажырагандыгы боюнча өтпөгөн бүтүрүүчүлөгө кайрадан жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордон өтүү мүмкүнчүлүгү берилет.

VII.7. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын кошумча отурумдары окуу жайда аныкталган тартипте уюштурулат.

VII.8. МАКтын жумушу уюштурулган атайын кааналарда өз убагында дезинфекциялоо боюнча чараларды көрүү АЧБ тапшырылсын.

VII.9. 2020-жылдагы өзгөчө кырдаал шарттарында жогорку (бакалавр, магистратура) жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуунун бардык формаларындагы студенттер үчүн аткарылган окуу жүктөмдөрү, өткөрүлгөн жайкы экзамендик сессиянын жана бүтүрүүчүлөр үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын отчету кафедра башчылары тарабынан эпидемиологиялык кырдаалдын жакшырышына карата ОПУжББСДне тапшырылсын.